| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

19.04.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXIX-сессиясынын**

**№ 1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын административдик чек арасынын схемалык картасына жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарын жана шаарларынын деңгээлинде жана пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын аткарууга алып, Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким М.Карагуловдун 19.04.2024-жылкы чыгыш 01-11/1281 сандуу катына, Базар-Коргон шаардык кеңешинин «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Базар-Коргон шаарынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Базар-Коргон шаарынын административдик чек арасынын схемалык картасын жана ага тиркелген чек ара баяндамасын карап чыгып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXIX – сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берилсин.
2. Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасына жана Базар-Коргон шаарынын мэрине схемалык картага кол коюу тапшырылсын.
3. Базар-Коргон шаарынын административдик чек арасынын схемалык картасына Совет айылынын Көкчөгөз участкасында жайгашкан “Калктуу конуштун жерлери” категорияясына которулган 2,85 гектар жер тилкесин жана Кеңеш айыл өкмөтүнүн административдик имаратын жайгашкан жер аянты менен кошуп берүү жагын сурап, Кыргыз Республикасынын

Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасына кат жолдоп чечүү жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Ш.М.Сагыновго жүктөлсүн.

**4.** Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө / райондук мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.

**5.** Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**